**М А А Л Ы М А Т**
**02-041-2024-001224 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча**

Иштин жагдайы: 2024-жылдын 27-апрель күнү алынган ыкчам маалыматтар боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын натыйжасында, Ош шаарынын аймагында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №7 Ош шайлоо округу боюнча шайлоого катышуу үчүн катталган талапкерлер шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды берүү же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр-бир кызматты же башка баалуулуктарды алууга көмөктөшүү жолу менен талапкердин жубайы, жакын туугандары жана алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары тарабынан шайлоочулардын добуштарын сатып алуу аракеттери жасала тургандыгы мүмкүн болуп жаткандыгын, аталган аракеттерге катыштыгы бар жарандардын өздүктөрүн агыктоо менен бирге алардын аракеттерине мыйзам чегинде юридикалык баа берүү зарыл экендиги тууралуу Ош ШИИБнын ЭММКАКнын бөлүмчө башчысы, милициянын капитаны А.Субанов билдирүү менен кайрылган.

Аталган билдирүү, 2024-жылдын 27-апрель күнү саат 21:53 минутада Ош ШИИБнын КБРнин маалыматтарды каттоо журналына 02-041-2024-001224 саны менен катталган.

Азыркы учурда текшерүү иштер жүргүзүлүүдө.

**М А А Л Ы М А Т**
**02-092-2024-001638 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча**

Иштин жагдайы: Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн ЭММКАКнын ыкчам өкүлү милициянын подполковниги З.Насиров билдирүү менен кайрылган. Анда ал, алынган ыкчам маалыматтар боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын натыйжасында, Ош шаарынын Ак-Буура МБнүн аймагында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №7 Ош шайлоо округу боюнча шайлоого катышуу үчүн катталган талапкерлер шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай баалуулуктарды тапшыруу, же жолу менен талапкердин жубайы, жакын каражатгарды берүү, же болбосо таратуу, материалдык кандайдыр бир кызматты, же башка баалуулуктарды алууга көмөктөшүү, туугандары жана алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары тарабынан шайлоочулардын добуштарын сатып алуу аракеттери жасала тургандыгы мүмкүн болуп жаткандыгын, аталган аракеттерге катыштыгы бар жарандардын өздүктөрүн, иштеген жана жашаган жерлерин аныктоо менен бирге, алардын аракеттерине юридикалык баа берүү зарылдыгын билдирген.

Бул маалымат боюнча, 2024-жылдын 28-апрель күнү Ош шаардык ИИБнын Ак-Буура МБнүн МЭЖна 02-092-2024-001638 сандуу маалымат катталган.

Азыркы учурда текшерүү иштер жүргүзүлүүдө.

**Ош ШИИБнын Тергөө кызматы**